УДК 574: (575.2) (04)

**Козубаев Ѳ.,**
философия илимдеринин доктору,
профессор
**Козубаев Ѳ.,**
доктор философских наук, профессор
**Kozubaev O.**
doctor of philosophical sciences, professor

**Карабукаев К. Ш.,**
философия илимдеринин доктору
**Карабукаев К. Ш.,**
доктор философских наук
**Karabukaev Kadyrkul,**
doctor of philosophical science

## ЭКОЛОГИЯНЫН ЭТИКАЛЫК МАСЕЛЕЛЕРИ

## ВОПРОСЫ ЭКОЛОГИЧЕСКОЙ ЭТИКИ

## ECOLOGICAL ETHICS ISSUESS

**Аннотация.** Макалада экология менен этиканын ортосундагы байланыштар каралган. Учурдагы цивилизациянын өнүгүүсүндө экологиянын маселелерин философиялык талдоо принципиалдуу мааниге ээ болуп, анын нарктык жөнгө салуучу жана нарктык-багыттоочу функциясына көңүл бөлүү менен, адам менен жаратылыштын бirimдигине, өз ара байланышына жана диссонанстарына социалдык-этикалык баа берүүнүн мааниси көрсөтүлгөн. Азыр экологиялык этиканын алдында адам менен жаратылыштын ортосундагы мамилелердин бүтүндөй гармониясын бөлүп көрсөтүү милдети турат, мейли ал чарбалык ишкердик, чыгармачылык же илим болобу, алардын бардыгын бириктирип экологиялык кризистик маселелерди чечүүгө багыттоо абзел. Демек табиятты баалоону моралдык жоопкерчиликтин алкагында кароо коомдун азыр эң маанилүү милдеттердин бири.
**Түйүндүү сөздөр**: жаратылыш, философия, экологиялык маселелер, экологиялык этика, адеп-ахлак, моралдык жоопкерчилик

**Аннотация.** В статье рассматривается взаимосвязь экологии и этики. В развитии современной цивилизации философский анализ экологической проблематики приобрёл актуальное значение, акцентируя внимание на её ценностно-регулирующей и ценностно-ориентирующей функции. Показана важность социально-этической оценки единства, взаимосвязи, а также диссонансов человека и природы. В настоящее время перед экологической этикой стоит задача достигнуть общую гармонию отношений человека и природы, будь то бизнес, творчество или наука и направить ее на решение экологического кризиса. Поэтому рассмотрение ценности природы в рамках моральной ответственности является одной из важнейших задач современного общества.
**Ключевые слова**: природа, философия, экологические проблемы, экологическая этика, мораль, моральная ответственность

**Annotation**. This article examines the relationship between ecology and ethics. In the development of modern civilization, philosophical analysis of environmental issues has acquired a significant importance, emphasizing its value-regulating and value-orienting functions. The importance of a so-

cio-ethical assessment of the unity, interconnectedness, and dissonance between humans and nature is demonstrated. Environmental ethics currently faces the challenge of achieving overall harmony in human-nature relationships, whether in business, creativity, or science, and directing this toward resolving the environmental crisis. Therefore, considering the value of nature within the framework of moral responsibility is one of the most important tasks of modern society.

**Key words:** nature, philosophy, environmental issues, environmental ethics, morality, moral responsibility

Акыркы жылдарда жаратылышты коргоо, жаратылыш ресурстарын рационалдуу пайдалануу, экологиялык туруктуулукту сактоо маселелерине кызыгуу артып жатат.

Азыркы ааламдашуу шартында коомдун жашоосунун жаратылыш менен бирдиктүү болушунун руханий контексинде экологиялык маданияттын баалуулук багыттары, экологиялык этика феноменинин калыптанышы философиялык-методологиялык жана эпистемологиялык иликтөөлөргө муктаж. Бул аспектиде экология менен этиканын ортосунда кандай байланыш бар? Адамдын жаратылышка адеп-ахлактык мамилеси жөнүндө сөз кылуу туурабы, табият моралдык баалуулукка ээби? Бул суроолорго жооп берүү зарылдыгы көптөгөн жагдайлар менен аныкталат. Мисалы, бүгүнкү күндө адам менен жаратылыштын биримдигинин экономикалык, техникалык, экологиялык өңүттөрүн талдоо өтө зарыл. Бирок адамдын жаратылыштагы орду, табият менен болгон мамилеси жөнүндөгү маселени философиялык жактан изилдөөнүн мааниси андан кем эмес. Илимий экологиянын улам жаңы багыттары калыптанып жатканда экологиянын курч маселелерин философиялык талдоо принципиалдуу мааниге ээ. Коомдук турмушту глобалдаштыруунун жана субъект-объекттик мамилелерди гумандаштыруунун шартында экологиялык кырдаалды философиялык-методологиялык талдоонун зарылдыгы уламдан улам артып барат [1, 8б.]. Мындан тышкары, философия ар кандай илимдердин негизинде жаңы татаал маселелерди чечүүгө салым кошот. Азыркы шарттарда философиянын нарктык жөнгө салуучу жана нарктык-багыттоочу функциясы барган сайын маанилүү болуп баратат. Ушуга байланыштуу экологиялык маселелердин этикалык жагы актуалдашууда. Адам менен жаратылыштын биримдигине, өз ара байланышына жана диссонанстарына социалдык-этикалык баа берүүнүн мааниси улам артууда. Бирок экологиянын этикалык маселелери дагы да жеткилең изилдене элек.

Этика баарынан мурда жаратылышка объект катары карайт, ага карата биринчиден, адамдардын бири-бири менен болгон адеп-ахлактык мамилелери айкындалат, экинчиден, жаратылышка түздөн-түз байланыштуу болгон моралдык принциптер жана ишенимдер бекемделет. Табиятка байланыштуу этикалык маселелерди таасын түшүнүү моралдык категориялардын мазмунун анык таанып билүүгө өбөлгө түзөт. Экологиянын этикасы онтологиялык өңүттөн алганда татаал диалектикалык процесс жана көп жактуу кубулуш. “Экологиялык этиканын онтологиялык негизи аны маданий-цивилизациялык, руханий-моралдык реалдуулук катары мүнөздөп, ага белгилүү бир мейкиндик-мезгилдик континиумда өзгөрүү, өнүгүү, өз ара байланыш, өз ара шартташуу, карама-каршылык жана детерминация процесстери тиешелүү экендигин аныктайт» [2. 80б.].

«Коом – жаратылыш – адам» системасында адамдын жаратылышка болгон мамилеси сөздүн толук маанисинде моралдык жактан оң же терс болоору талашсыз. Анткени, бул мамилелердин табиятка болгон ортоңку звеносунда адамдардын өз ара байланыштары бар. Демек, сөздүн кенен маанисинде адамдын адамга жана коомго болгон мамилеси анын табиятка болгон мамилесин аныктайт. Жаратылышка болгон меркантилдик-утилитардык мамиле ошол эле учурда башка адамга, коомго карата адамгерчиликсиз мамиле катары болушу мүмкүн. Этикалык жактан алганда, сөз адеп-ахлаксыз жүрүм-турум жөнүндө болуп жатат. Ошондуктан, жаратылышка болгон камкордук – адам жөнүндөгү камкордук, айлана-чөйрөгө кам көрүү – бул айлана-чөйрөнү курчап турган адам жөнүндө кам көрүү деп айтсак болот. Таза жаратылыш болбосо, моралдык жактан таза жана дени сак адам болбойт. Демек, рацио-

налдуу экологиялык аң-сезимди калыптандыруу эң актуалдуу маселе болуп саналат, анын адеп-ахлактык жагы да көп маанилүү. Кыргыз Республикасынын Президентинин "Улуттук дем – дүйнөлүк бийиктик" уңгужолу жөнүндө жарлыгына ылайык "жаратылыш байлыктарын кылдат, сарамжалдуу, аяр пайдалануу жана табият менен ырашкерчиликте жашай билүү" ар дайым актуалдуу [**3**].

Жаратылыш менен коом бир системанын эки тарабын билдирген татаал өз ара байланышта болушат. Бул системадагы байланыштын негизги түрү катары коомдо орун алган баалуулук багыттарынын жыйындысы менен шартталган, адеп-ахлактык нарктык мазмунга ээ болгон адамдын иш-аракети саналат. Демек, адамдын жаратылышка болгон мамилесинин адеп-ахлактык мазмуну – бул мамиленин социалдык мүнөзү жана адамдын ишмердүүлүгүнүн коомдук баалуулугу менен шартталат.

Адамдын жаратылышка болгон мамилеси, биринчиден, анын кызыкчылыктары менен байланыштуу болот. Жаратылышка болгон мамиленин социалдык мазмуну бүтүндөй коомдун өнүгүүсүнүн муктаждыктары жана максаттары менен байланыштуу. Ошол эле учурда бул мамиленин адеп-ахлактык жагы адамдын жаратылыш менен болгон мамилесинин социалдык табиятынан түздөн-түз келип чыкпайт. Анын негизинде адеп-ахлактык мазмундуу дифференцияланган конкреттүү критерийлер жатат. Бул критерийлерди конкреттүү коомдук кубулуш катары адеп-ахлактын өзүнүн өзгөчөлүктөрү менен аныктоого болот. Адам жаратылыш менен объективдүү байланыштардын чегинде жашайт. Ал өз ишмердигинде жалпысынан социалдык жактан шартталган түрдүү керектөөлөрдү канааттандыруу максаттарын көздөйт. Жаратылышты пайдалануунун мүнөзү коомдо өкүм сүргөн тиешелүү баалуулук багыттардан көз каранды. Демек, адамдын жаратылышка болгон мамилесинин адеп-ахлактык мазмуну адамдын табият менен байланышкан өндүрүштүк ишмердиги менен белгилүү өлчөмдө байланыштуу. Адамдын жаратылышка карата иш-аракети анын коомдук маанисинин алкагында каралышы керек жана адам үчүн табияттын баалуулугу инсандын утурумдук кызыкчылыктарынын чегинен гана эмес, ошондой эле келечек муундардын таламдарын эске алууну да камтыйт.

Адамдын адеп-ахлактык табияты анын максатка ылайыктуу ишмердүүлүгү менен да шартталат. Жаратылышты өзгөртүүчү иш-аракеттин натыйжаларына болгон мамиле башка адамга, анын эмгегине карата мамилени билдирген учурда моралдык мазмун байыйт. Бул адамдын жаратылышка болгон гумандуу мамилесинин моралдык жагы. Мында инсандын социалдык маңызын гана эмес, ошондой эле жаратылышты коргоочу ишмердүүлүктүн коомдук баалуулугу жагынан кароо моралдык жактан принципиалдуу.

Коом менен жаратылыштын өз ара мамилелеринде адамдын айлана-чөйрөгө «үстөмдүк кылуучу» эркиндиги сыяктуу маселе дайыма курч мүнөзгө ээ. Адам практикалык ишмердүүлүгүнө байланыштуу адам менен табияттын ортосундагы мамиледе биримдик жана гармония гана эмес, карама-каршылык да байкалат. Анткени, адамдын өндүрүштүк ишмердүүлүгүнүн масштабы канчалык болсо, анын керектөөлөрүнүн тармагы да кеңеет. Бул жерде сөз эң оболу адамдын жаратылышка болгон мамилесин аныктаган ишмердүүлүк жөнүндө баратат. Сөз жаратылышка үстөмдүк кылуудан мурда жаратылышты пайдалануу үчүн табияттын зарылдыктарын билүү жөнүндө болуп жатат. Жаратылыштын үстүнөн үстөмдүк кылуу деген - өзүм билемдик эмес, анткени жаратылыш чөйрөсүнө өзүм билемдиктин таасири күтүлгөн оң гана эмес, күтүлбөгөн терс натыйжаларды да алып келиши мүмкүн. «Жалпы адамзаттын табият менен бирдиктүү мамиледе жашоосун камсыздоо үчүн «конфронтация философиясына» караганда «өз ара байланыш философиясынын» артыкчылыгын тааный билүү абзел» [4. 10б.]. Демек, адам өзүнүн ишмердүүлүгүндө жаратылышты акылга сыйбаган, ашкере ысырап колдонуунун натыйжасында мүмкүн болуучу кыйроо менен байланышкан кесепеттер жөнүндө дайыма ойлонушу зарыл. Адам үчүн жагымсыз, кээде табигый процесстердин жүрүшүнө туура эмес ойлонулган активдүү кийлигишүүдөн келип чыккан терс кесепеттер «биз табиятты баскынчы өзү басып алган бөтөн элди башкаргандай,

же табияттын тышында жайгашкан кимдир бирөө сыяктуу башкарбайбыз... тескерисинче, биздин этибиз, каныбыз жана мээбиз ага таандык жана анын ичинде биздин табиятка болгон үстөмдүгүбүз башка бардык макулуктардан айырмаланып, анын мыйзамдарын тааныйбыз жана аларды туура колдонууну билебиз» [4. 496].

Жаратылышка сарамжалдуу аяр мамиле кылуунун маңызы адамдын айлана-чөйрө менен өз ара аракеттенүүсүн коомдук жөнгө салуу зарылчылыгы менен байланышкан. Утурумдук утилитардык пайданын кызыкчылыгын көздөгөн учурда өндүрүш ишинин эң жакынкы натыйжалары гана эске алынат. Акыркы бир нече он жылдыкта биздин коомдо дал ушундай болуп жатат. Демек, адамдын табиятка карата иш-аракетинин табигый жана социалдык кесепеттерин көңүлдөн сырт калтырбоо зарыл.

Жаратылышка болгон моралдык мамиленин кыйыр мүнөзү өндүрүштүк ишмердүүлүктүн натыйжаларына моралдык баа берүү аркылуу да чагылдырылат. Маселен, социалисттик пландуу коомдо бул баа берүүнүн критерийи негизинен дароо пайда көрүүгө умтулган утилитардык кызыкчылыкты гана көздөгөн, башкача айтканда, административдик-тоталитардык система үчүн табияттын кенч болуудан башка баалуулугу болгон эмес. Мунун баары экологиялык кризиске гана алып келбестен, рухий-нравалык кризиске да алып келип, табиятты да адамды да моралдык-эстетикалык жактан нарксыздандырган. Тилекке каршы, жаратылыштын байлыктарын өздөштүрүүгө баягы эле утилитардык, кээде андан бетер жырткычтык мамиле азыркы рыноктун шартында да орун алууда. Жаратылышка жана анын экологиялык бүтүндүгүнө аёосуз утилитардык мамиленин айкын мисалы Кыргызстанда «Кумтөр» алтын кенин иштетүү болуп саналат же болбосо дүйнөдөгү бирден-бир сейрек байлык болгон жаңгак жыгачын түгөнбөстөй көрүп, сыртка саткан учурду айтсак болот.

Жаратылыштын баалуулугу жана ага болгон аяр мамиле эмне менен аныкталат? Баалуулукту түшүнүү адамдардын кызыкчылыктары жана максаттары менен аныкталат. Демек, табияттын баалуулугун «өзүнчө» бөлүп кароо туура эмес. «Баалуулук», С. Анисимов боюнча, «объекттин баалуулугу, ал ар дайым адамдардын өз ара мамилесинде гана пайда болот... Жаратылыш өзүн баалоону жана өзү байлык экенин билбейт» [5. 11б.]. Адамзаттын жашоосунда жаратылышка адеп-ахлактык мамиле кылуу – социалдык баалуулуктардын абдан маанилүүлөрүнүн бири.

Экологияга карата адамдын максаттарынын изгилүү экендигин анын коомдук баалуулуктар менен байланышы шарттайт. Азыркы учурда билимдин татаал тармагы болгон социалдык экология адамзат үчүн жаңы баалуулуктарды алдыга коюуга кубаттуу түрткү болгондугу бекеринен эмес. Этиканы экологиялык жактан кайра ориентациялоо тенденциясы, мисалы, А. Швейцердин жашоону өзгөчө баалоо жөнүндөгү окуусунда жана К. Циолковскийдин космостук этикасында, биолог Д. Филатов иштеп чыккан жашоого болгон умтулуу этикасында кездешет. Социалдык экологиянын предмети али толук иштелип чыга электигин айтуу абзел. Бирок илимдин өнүгүп келе жаткан бул тармагы жаңы экологиялык ой жүгүртүүнү, анын ичинде баалуулук жана моралдык принциптерди зарыл түрдө калыптандырууда.

Этикалык анализдин объекти катары моралдык жакшылык менен жамандыктын конкреттүү тарыхый алкагында дайыма бааланып турган адамдын бардык жүрүм-туруму, ар кандай иш-аракети эсептелет. Адамдардын жаратылышка багытталган иш-аракеттеринин баалуулук өзгөчөлүктөрү алардын жаратылышка болгон мамилесинин жүрүм-турумдук жагын айкындайт. Ошентип, табиятка адеп-ахлактык мамиле кылуу маселеси жеке адамдын же бүтүндөй коомдун болобу жүрүм-турумуна, көз карашына жараша бааланат.

Адамдын материалдык жана руханий өндүрүш жана керектөө талаптары жаратылыштын өзүнө керектүү объектин туура тандоого байланыштуу. Мында тандоо объекттин белгилүү бир муктаждыктарга жооп берген зарыл касиеттерин эске алуу менен жүргүзүлөт.Ошентип, жаратылышка адеп-ахлактык мамиле кылуу табияттын адам үчүн баалуулугу менен шартталат. Мында адептүүлүктүн милдет жана жоопкерчилик, жакшылык жана жамандык сыя-

ктуу бир катар категорияларына кайрылуу туура. Мисалы, жакшылык – бул жаратылыш болобу, материалдык жана руханий маданияттын объекттери болобу адамдын (жеке инсандын да, бүтүндөй коомдун да) жашоого зарыл керектөөлөрүн канааттандыруу.

Бирок жакшылык менен пайдалуулуктун ортосундагы мамиле татаал. Маселен, жеке адам үчүн пайдалуу болгон иш жалпы коом үчүн зыян болушу мүмкүн. Жаратылышка болгон утилитардык мамиле анын баалуулугу жөнүндө бир жактуу, чектелген идеянын натыйжасы болушу мүмкүн. Мында жаратылыш кимдир бирөөлөрдүн, өзгөчө кийинки муундардын кызыкчылыгына карабастан, айрымдардын керектөөлөрүн канааттандыруунун каражаты, материалы гана болуп калат. Жаратылыш байлыгынын «түгөнгүс чексиздиги» жөнүндөгү тезис жаратылышка аяр мамиле жасоонун зарылдыгынан алганда адеп-ахлаксыз иш-аракеттерди актоо катары кызмат кылган. Бул табият өзүн өзү калыбына келтирүү жана өзүн өзү тазалоо жөндөмүн сактап турганга чейин уланып келди. Бирок адамдын иш-аракетинин күчөгөн темпи жана андан келип чыккан терс кесепеттер бул мүмкүнчүлүктү чектеп, жаныбарлар менен өсүмдүктөрдүн көптөгөн түрлөрүнүн жок болушуна алып келди. Азыркы экологиялык кризистик кырдаалдын шартында жаратылыштын баалуулугу тууралуу маселенин курчуп кеткени кокусунан эмес. Себеби бул маселенин чечилиши табияттын эң жогорку абсолюттук баалуулукка айланышында же адамдын жашоосу үчүн жагымдуу айлана-чөйрөнүн баалуулугун тануудa эмес, адамдын өзүнүн баалуулугун өзгөртүүдө турат. Демек, табиятты баалоого адамдын өзүнүн баалуулугунун позициясынан мамиле кылуу керек.

Азыркы ааламдашуу шартында жалпы адеп-ахлак жана моралдык тарбиялоо иши улам актуалдуу болуп баратат. Бул процесси олуттуу оптималдаштыруу маселесинин келип чыгышы, бир катар себептер менен шартталат. Алар – акыркы жылдары курчуп кеткен коом менен жаратылыштын өз ара аракеттенүүсү, курчап турган чөйрөнү коргоо, жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу сыяктуу актуалдуу суроолор.

Жаратылыш адамдын руханий дүйнөсүнө чоң таасирин тынымсыз тийгизип турат. Учурда жаратылыштын өзү тарбиялоо каражатынан тарбиянын максатына айланып бара жатат. Тагыраак айтканда, табияттын өзү эмес, адамдын табиятка болгон жакшы мамилеси тарбиянын максатына айланууда. Анын үстүнө адеп-ахлактык тарбия биринчи планга чыгып, анын объекти болуп инсан, анын иш-аракети, анын ичинде жаратылышты пайдалануу системасындагы жүрүм-туруму да саналат.

Экологиялык тарбия жаратылышка сарамжалдуу мамилени калыптандыруу процессинин ажырагыс бөлүгү катары инсандын дүйнөгө болгон көз карашын байытууга, биосфера менен адамдын биримдигин кеңири жана терең түшүнүүгө багытталган. Ушундан улам адеп-ахлактык тарбиялоо системасын жаратылышты коргоого багыттоо адамдардын ортосундагы байланыштын өзгөчө түрү болгон жаратылышка адеп-ахлактык мамиленин калыптанышына таасир этүүчү субъективдүү жана объективдүү факторлорду эске алууну да камтыйт. Айта кетсек, өнүгүп жаткан урбанизациялык процесстер менен аныкталган көптөгөн адамдардын жаратылыштан обочолонуусунун азыркы абалы жаратылышка адеп-ахлактык мамилени тарбиялоого белгилүү бир деңгээлде таасирин тийгизет. Шаардашкан адам урбанизациянын шартынан улам образдуу айтканда табигый ачкачылыкка дуушарланат да анын жаратылышка жакындоо кызыкчылыгы артат. Көбүнчө бул ачкачылык коомдук кызыкчылыктарга, экологиялык стандарттарга, моралдык тыюу салууларга карама-каршы келген – жаратылышты булгоо, кыйратуу процесси менен коштолот. Чынында эле шаар турмушунун шарттарында жаратылыштан курулуштар, асфальт ж.б.у.с. аркылуу оолактап турат. Жаратылышты, анын жымжырттыгын, тынчтыкты эңсөө шаардыктардын чукул муктаждыгына айланат. Ал эми туристтердин көпчүлүгү дем алыш же майрам күндөрү жаратылышка, токойго, тоого, дарыяларга, көлгө барышат. Мындай, уюштурулбаган стихиялуу туризм жаратылышка терс таасирин тийгизет. Азыр мындай абал "кылымдын оорусу" деп аталат. Жаратылышка адеп-ахлактык мамилени тарбиялоодо негизги багыт – бул адеп-ахлактуу инсанды калыптандыруу. Жаратылышка карата мындай мамилени адамдын бүтүндөй

адеп-ахлактык маданиятын, анын моралдык аң-сезимин жана жүрүм-турумун тарбиялоо аркылуу гана калыптандырууга болот. Адеп-ахлак маданияты адамдын тубаса касиети эмес, ал тарбияланат жана дайыма индивидуалдуу, эреже катары ар кандай адамдар бирдей өнүгүү деңгээлинде болбойт. Инсандын моралдык аң-сезими анын жашоосунда өмүр бою калыптанат. Бул процесс ошондой эле табиятка карата адеп-ахлактык жактан туура, баалуу түшүнүктөрдү калыптандырууну камтыйт. Кыргыздын элдик оозеки чыгармачылыгында адамдын жаратылышка, жан-жаныбарларга, өсүмдүктөргө аяр мамилеси “жакшылыкка жакшылык” деген идеянын даңазаланганы менен маалым. Маселен, «Кожожаш» мифоэпосунун руханий-адептик мотиви мына ушундай, анда адамдын адеп-ахлак идеалы, табиятка карата аяр мамилеси терең таалим-тарбия берүүчү күч иретинде баяндалат.

Руханий-маданий фактордун тарбиялык маанисин четтетпей туруп, деген менен да адамдын аң-сезимине жана жүрүм-турумуна эң негизги таасир берүүчү фактор – практика, чыныгы адеп-ахлактык мамилелер экендигин да эске алуу зарыл. Ошондуктан, жаратылышка карата аяр мамилени тарбиялоо практикасы өркүндөтүп турууга дайыма муктаж. Жаратылышка карата мамиледе ашыкча сентиментализмге жол бербестен, жаратылышты пайдалануу ишинде көпчүлүк учурларда жаратылыштын өзү эске алынбай калган жагдайды эстен чыгарбоо зарыл. Мындай философия ойдун тардыгына, чарбалык эсептин жеткилеңсиздигине, адепсиздикке, жалган рационализмге негизделген философия. Жан дүйнөсү тар, кайдыгер, табиятка болгон чектелген «одоно» мамиле утурумдук пайдага умтулган психологияны тарбиялайт.

Жаратылышка карата адеп-ахлактуу мамилени, аң-сезимди тарбиялоо, экологиялык жоопкерчиликти калыптандыруу, моралдык жактан баалуу, экологиялык жактан максатка ылайыктуу жүрүм-турумду камсыз кылууну да камтыйт. Кеп инсандын аң-сезиминдеги адеп-ахлактык баалуулуктардын бекемдиги, коомдук адеп-ахлактын аң-сезимге, акыл-эске терең сиңген талаптары менен аныкталган жүрүм-турум адаттары жөнүндө болуп жатат. Мындай адаттар субъекттин иш-аракетинде, анын ичинде жаратылышты коргоого багытталган иш-аракеттерде калыптанат.

Этикалык-экологиялык тарбия адамдын жаратылышка карата болгон адеп-ахлактык турмуштук позициясын, активдүү адеп-ахлактык аң-сезимин калыптандырууну камтыйт. Адам үчүн табиятка карата мамиле, көбүнчө инсандын жалпы моралдык позициясынан көз каранды. Жаратылышка чыныгы адеп-ахлактык мамиле кылуу инсандын өзүн өзү активдүү тарбиялоосунун натыйжасы. Демек, адеп-ахлактык жана экологиялык билим берүүнүн маанилүү милдеттеринин бири – инсанда адеп-ахлактык жактан өзүн өзү өркүндөтүү муктаждыгын жана табиятка карата өзгөчө гумандуу мамилеге өз алдынча умтулууну өркүндөтүү болуп саналат. Айтылгандардан улам, адамдын жаратылыш менен болгон мамилесинде адеп-ахлактык жүрүм-турумду тарбиялоого басым жасоо төмөнкүдөй жагдайлар менен түшүндүрүлөрүн белгилей кетүү зарыл. Биринчиден, экологиялык кырдаал адамдардан экологияны коргоого багытталган активдүү аракеттерди талап кылат. Заманбап экологиялык маселелерди чечүү үчүн жаратылышка суктанууну, эстетикалык ырахат алууну тарбиялоо эле жетишсиз, адеп-ахлактык жана экологиялык тарбия гана эмес, позитивдүү адеп-ахлактык жана экологиялык ишмердүүлүк да талап кылынат. Экинчиден, адеп-ахлактык-экологиялык жүрүм-турумду тарбиялоо коом менен жаратылыштын ортосундагы өз ара байланыштын өзгөчөлүгү менен шартталат.

Этиканын принциптери жана нормалары салттуу түрдө антропоцентисттик мүнөздө болот. Алар адамдын башка адамга, коомго карата тике аракетине гана тиешелүү. Бирок экологиялык кризистик тенденциялардын көбөйүшү илим катары этиканын жаңы бөлүгүнүн – экологиялык этиканын, анын нормаларын жана принциптерин аныктоонун зарылдыгын талап этет. Экологиялык этика адамдын биологиялык кубулуш катары глобалдык табигый бүтүндүктүн бир бөлүгү экендигинен келип чыгат. Демек, адамдын экологиялык жоопкерчилигин анын моралдык-этикалык жоопкерчилиги менен шайкеш келтирүүнүн объективдүү зарылчылыгы бар. Жаратылыштын алдын-

дагы милдет – аны түшүнүүдөгү бардык айырмачылыктарга карабастан, түпкүлүгүндө коом алдындагы милдет деп эсептелип келген. Бирок адеп-ахлакты мындай таза антропоцентристтик түшүнүү азыркы экологиялык талаптарга жооп бербейт. Коом үчүн жаратылыштын пайдалуулугу гана эмес, анын жалпы баалуулугу да маанилүү.

Азыр экологиялык этиканын алдында адам менен жаратылыштын ортосундагы мамилелердин бүтүндөй гармониясын бөлүп көрсөтүү милдети турат, мейли ал чарбалык ишкердик, чыгармачылык же илим болобу, алардын бардыгын бириктирип экологиялык кризистик маселелерди чечүүгө багыттоо абзел. Табиятты баалоону моралдык жоопкерчиликтин алкагында кароо азыр эң маанилүү милдеттердин бири.

Айлана-чөйрөнү коргоо – келечекте болуучу ачылыштарды сактап калуу үчүн жасалган конкреттүү, максаттуу практикалык иш-аракеттерди билдирет. Бирок жаратылышты сактап калуу үчүн адамдын өзү бул үчүн зарыл болгон сапаттарга ээ болушу керек, биринчиден, жаратылыш үчүн жоопкерчиликти адамзат өзүнө бир жактуу алуусу керек, экинчиден, жаратылыштын баалуу болгон бардык байлыгын терең түшүнө билүү, үчүнчүдөн, адам менен жаратылыштын ортосундагы мамилени координациялоонун бирдиктүү стратегиясын иштеп чыгуу.

**Адабияттар**

1 Кант, И. Сочинения в 6-ти т. - М.: Мысль, 1965. –Т.4. ч.1. - 543с.
2 Жумагулов, М. Ж. Онтология этической этики–Бишкек: Илим,2010. – 155с.
3 Улуттук дем-дүйнөлүк бийиктик. Унгужол жөнүндө. -Бишкек ш. 2024-жылдын 18-декабры ПЖ №369.
4 Маркс, К. Сочинения в 30-ти т. –М.: Госполитиздат, 1958. –Т.12. - 879с.
5 Анисимов, С. Ф. Ценности реальеые и мнимые. –М.: Мысль, 1970. - 181с.